**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын ноябрь айынын 11и №133** **Темир айылы**

***Жергиликтүү бюджеттен өздүк салым бөлүп берүү жөнүндө***

Садыр Аке айыл өкмөтү тарабынан үлүштүк дем берүүчү гранттын каржылоосуна сунушталып жаткан социалдык обьектилерге жергиликтүү өздүк салым бөлүп берүү максатында, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Булан-Сөгөтү айылындагы Ч.Иманкулов атындагы ЖОББ орто мектебинин жылытуу системасын капиталдык оңдоо - өздүк салым 4 863 632 (төрт миллион сегиз жүз алтымыш үч миң алты жүз отуз эки) сом;
2. Корумду айылындагы К.Орозов атындагы ЖОББ мектебинин жылытуу системасын алмаштыруу - өздүк салым 4 707 329 (төрт миллион жети жүз жети миң үч жүз жыйырма тогуз) сом;
3. Темир айылындагы маданият үйүнүн сыртын жылуулоо - өздүк салым 1 066 820 (бир миллион алтымыш алты миң сегиз жүз жыйырма) сом өлчөмүндөгү акча каражаты 2026-жылдын бюджетинен каралсын.
4. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл өкмөт башчысы Н.Молдакматовго милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин "Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча туруктуу комиссия" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1, ФЭБнө-1, Туруктуу комиссиясына-1. Обл.юст.-2*